# ТАБИГЫЙ ИЛИМДЕР ЖАНА ТУРИЗМ ИНСТИТУТУ

**И. Арабаев атындагы КМУнун Табигый илимдер жана туризм институтунун курамындагы кафедралар Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү мектептерине биология, химия, география мугалимдерин жана экология, туризм багытындагы адистерди даярдоодогу эң алдыңкы кафедралардан болуп саналат.**

1952-жылы В.В.Маяковский атындагы кыз-келиндер педагогикалык институту түзүлгөндө химия жана биология кафедрасы биринчилерден болуп уюшулган. Ошол учурда кафедрага 4 жылдык окуу мөөнөтү менен 25 студент кабыл алынган жана кафедраны биология илимдеринин кандидаты, доцент Г.П. Земляная жетектеген. 1956-жылы 18 бүтүрүүчү «биология жана химия мугалими» адистигин алгачкылардан болуп алышкан. 1957-1958-окуу жылынан баштап студенттерди кабыл алуу 50 студентке чейин жеткен, ал эми окуу мөөнөтү 5 жылдык болуп бекитилген.

Республикадагы мугалимдерге болгон талаптын өсүшүнө жана студенттердин санынын көбөйүшүнө байланыштуу 1968-1969-окуу жылында табигый-илимий факультеттин базасында биология факультети түзүлөт. Факультетти кесипкөй физиолог, биология илимдеринин кандидаты, доцент М.У. Мамбетов жетектеген.

1975-1984-жылдары Москвадагы Д.И.Менделеев атындагы химия-технология институтунун бүтүрүүчүсү, химия илимдеринин кандидаты, доцент Т.Р.Рыскулов жетектеген.

1984-1995-жылдары химия жана биология факультетинин декандык кызматында Кыргыз мамлекеттик университетинин биология адистигинин бүтүрүүчүсү б.и.к, доцент С.Ш.Шамбетов үзүрлүү эмгектенген.

1995-1998-жылдары факультетти химия илимдеринин кандидаты, доцент Ж.А.Асаналиев жетектеген. Ошол учурда химия кошумча «экология» адистигин даярдоо башталган.

1998-2004-жылдары факультетти Ленинграддагы мамлекеттик университетинин бүтүрүүчүсү, биология илимдеринин кандидаты, университеттин профессору Ч.С.Давлетова жетектеген. 2002-жылга чейин университеттеги өз алдынча факультет, 2002-2003-окуу жылдары Экология жана жаратылышты пайдалануу институтунун курамында болуп, факультетти Москвадагы Сеченов атындагы медициналык институттун бүтүрүүчүсү, биология илимдеринин доктору, профессор Г.Т.Курманбекова жетектеген.

2005-2006-окуу жылынан баштап кайрадан университеттин курамындагы өз алдынча эки факультет катары бөлүнүп чыгып, биология жана химия факультетин 2023-жылга чейин факультетти Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер, педагогика илимдеринин доктору, профессор Чоров Маматкан Жетимишевич жетектеген, ал эми география, экология жана туризм факультетин Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкери, география илимдеринин доктору, профессор Темирбек Макешович Чодураев жетектеген.

Учурдагы оптималдаштыруунун алкагында И. Арабаев атындагы КМУнун окумуштуулар кеңешинин чечими (10-протокол 2023-жылдын 26-майы) жана ректордун буйругунун (№01-8/335 2023-жылдын 30-майы) негизинде Биология жана химия факультети, Экология жана туризм факультети биригип Химия, биология, география жана туризм институту түзүлгөн. Институттун аты окумуштуулар кеңешинин чечими менен (№1-протокол 2023-жылдын 29-сентябрь) жана ректордун буйругунун (№01-8/618 2023-жылдын 29-сентябры) негизинде Табигый илимдер жана туризм институту болуп аталды. Азыркы учурда институттун курамында 5 кафедра бар.

1. Жалпы биология жана аны окутуунун технологиясы кафедрасы
   каф.башчысы б.и.к., проф. м.а. Г.А. Шаршеналиева
2. Химия жана аны окутуунун технологиясы кафедрасы

кафедра башчысы х.и.к., доц. Г.К. Насирдинова

3. Проф. М.М.Ботбаева атындагы биоартүрдүүлүк кафедрасы
   каф.башчысы б.и.к.,доц. С.К. Кендирбаева
4. География жана аны окутуунун технологиясы кафедрасы
   кафедра башчысы г.и.к., доц. Д.Т. Солпуева
5. Экология жана туризм кафедрасы
   кафедра башчысы г.и.к., доц. Т.А. Аблешов

Учурда табигый илимдер жана туризм институттун директору география илимдеринин доктору, профессордун м.а. М.М. Дылдаев билим берүүнүн сапатын дагы жакшыртуу, илимий изилдөө иштерин жандандыруу багытында алгылыктуу программаларды түзүп, институттун жалпы жамаатын ийгиликтүү жетектөөдө.